ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№01/25 протоколу

2025-ж. 22-август Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 7
Катышкандар: 6
Катышпагандар: 1 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев жаңы окуу жылынын башталышы биринчи окумуштуулар кенешинини жыйыны менен куттуктап сөз сүйлөп, Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен таанышырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	Окумуштуулар кеңешинин курамын жана иш планын бекитүү жөнүндө	Ректор	Билдирүү, тиешелүү материалдардын нускалары
2	ЖАЭУнун структурасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бекитүү жөнүндө	Ректор	Структураны н нускасы, токтом долбоору
3	ЖАЭУнун штаттык жадыбалына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бекитүү жөнүндө	Ректор	Штаттык жадыбал, токтом долбоору
4	Административдик кеңештин курамын жана иш планын бекитүү жөнүндө	Ректор	Билдирүү, иш план
5	2025-2026-окуу жылына карата даярдыктар. Окуу пландарын, негизги билим берүү программаларын, окуу процессинин графигин бекитүү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Тиешелүү материалдардын нускалары
6	Административдик-окуу корпусунун жаңы окуу жылына карата даярдыгы жөнүндө	Административдик-чарба иштери боюнча проректор	Маалымат, токтом долбоору
7	Окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн иш пландарын бекитүү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Иш пландар
8	ЖАЭУнун тарифтик-квалификациялык тизмесин кайра бекитүү жөнүндө	Экономист	Билдирүү
9	ЖАЭУ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын тарифине өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бекитүү жөнүндө	Экономист	Билдирүү

10	Ар түрдүү маселелер		
10.1	Билим күнүнө карата даярдыктар жөнүндө	Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	Маалымат, токтом долбоору
10.2	Айрым жоболорго өзгөртүү киргизүү жана бекитүү жөнүндө	Ректор, тиешелүү бөлүм жетекчилери	Жоболордун нускалары
10.3	2025-2026 окуу жылы үчүн окуу, уюштуруу иштерин жүргүзүү үчүн комиссиялардын курамдарын бекитүү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Билдирүү, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! 2025-2026-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин курамын жана иш планын бекитип алышыбыз керек. Окумуштуулар кеңешинин курамы жана иш планы буга чейин административдик кеңеште да каралып, талкууланган. Былтыркы окуу жылындагы Окумуштуулар кеңешинин курамы калтырылсын жана студенттер сабакка келгенде, алардан да бир киши кошулуп, кафедралардын башчылары, бөлүм жетекчилер дайындалганда тизме толукталат. Учурдагы тизме 7 кишиден турат.

Окумуштуулар кеңешинин жобосу жана регламенти таныштырылды.

Сунуш, суроолор болгон жок.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору добуш берүүгө сунушталды:

2025-2026-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин 7 кишиден турган курамы (тизме тиркелет), жобосу, регламенти жана иш планы бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Административдик кеңеште да айтылып талкууланган, структурабызга өзгөртүү киргизүү зарылдыгы келип чыгып жатат. Быйылкы окуу жылында кабыл алынган студенттеribиздин саны көбөйгөндүгүнө байланыштуу кафедралардагы сааттар да көбөйүп жатат. Былтыркы структурада эки кафедра болчу, сунуш кылынып жаткан структурада үч кафедра болду. Сааттардын жана окутуучулардын саны да туура келет.

Сөзгө чыккандар

1. Окуу иштери боюнча проректор м.и.к., Садырова Н.А. – “Сунушту колдойм, сиздерге да колдоп берүүнүздөрдү суранам”.

2. Медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М. - “Сунушту колдойм, сиздерге да колдоп берүүнүздөрдү суранам”.

Токтом долбоору

а) Кафедралар бөлүмүндө дагы бир кафедра кошулсун.

б) Киргизилген өзгөртүүнүн негизинде ЖАЭУнун структурасы кайрадан бекитилсин.

в) Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

3-маселе боюнча Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Структуралык өзгөртүүлөрдүн негизинде сөзсүз түрдө штаттык жадыбалга да өзгөртүүлөр киргизилет. Кирген өзгөртүүлөр боюнча укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы Сыдыкова Б.Ж маалымат берет.

Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы Сыдыкова Б.Ж. – Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Быйылкы окуу жылында студенттердин санынын көбөйгөндүгүнө байланыштуу, маалыматтык бөлүмгө жетектөөчү адис жана инженер программист штаттары кошулду, бухгалтерияга материалдык бухгалтер штаты, укук иштери адам ресурстары бөлүмүнө студенттердин документтерин кароого инспектор штаты кошулду, деканатка декандын орун басары жана дагы бир методист кошулду. Жогоруда айтылып кеткендей кафедралар былтыркы окуу жылында экоо болчу, быйыл дагы бир кафедра ачып атабыз, жалпысынан “Гуманитардык жана табигый дисциплиналар”, “Морфологиялык дисциплиналар” жана “Клиникалык дисциплиналар” кафедралары болду. Ар бир кафедрада кафедра башчылары, лаборант болот. Мындан сырткары кичи тейлөөчү персоналдарга ***эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы*** боюнча адис кошулду.

Сөзгө чыккандар.

1. **ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев** – “Талапка ылайык штаттарды ачып койдук, айрымдарына азыркы учурда кызматкер албасак дагы кийинкиликке керек болот. Дагы кандай штатка муктаждык болсо азыр айтыныздар, себеби штаттык жадыбалды кайра кайра бекитпешибиз керек”.
2. Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык ишер боюнча проректор т.и.к., доцент З.А.Асилова – “Ачылган штаттар эң туура деп ойлойм, студенттердин саны быйылкы окуу жылында көбөйгөнүнө байланыштуу бул штаттардын ачылышында зарылчылык бар. Сунушту колдойм”

Токтом долбоору:

1) Жалпы медициналык дисциплиналар кафедрасы жоюлсун жана анын ордуна Клиникалык дисциплиналар жана Морфологиялык дисциплиналар аталышындагы эки кафедра түзүлсүн.

2) Клиникалык дисциплиналар кафедрасында кафедра башчы жана бир чен лаборант штаты ачылсын;

3) Морфологиялык дисциплиналар кафедрасында кафедра башчы жана бир чен лаборант штаты ачылсын;

4) Окуу-маалымат бөлүмүндө бир чен жетектөөчү адис жана бир чен инженер-программист штаттары ачылсын;

5) Укук иштери жана адам ресурстары бөлүмүнө студенттердин документтери менен иш алып барууга бир чен инспектор штаты ачылсын;

6) Медициналык факультеттин деканатына декандын орун басары (коомдук башталышта) жана бир чен методист штаты ачылсын;

7) Техникалык жана кичи тейлөөчү кызматкерлер бөлүмүндө бир чен техникалык коопсуздук, эмгекти коргоо жана жарандык коргонуу боюнча адис штаты ачылсын;

8) Бухгалтерия бөлүмүндө бир чен бухгалтер (эсептөөчү, материалдык) штаты ачылсын;

9) Киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде ЖАЭУнун структурасы жана штаттык жадыбалы кайрадан бекитилсин

10) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4-маселе боюнча Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү!

Административдик кеңештин курамын, жобосун жана иш планын бекитүүнү талкууга коем. Биз чакан окуу жай болгондуктан адмистративдик кеңештин төмөнкү курамын сунуштайм:

1. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич – ЖАЭУнун ректору, кеңештин төрагасы;
2. Садырова Нургул Адылгазиевна – ЖАЭУнун окуу иштери боюнча проректору, төраганын орун басары;
3. Асилова Зульфия Атамырзаевна – ЖАЭУнун илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору, окумуштуу катчы;
4. Дипак Чаулагейн –Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор;
5. Торокулов Элдияр Шаршенович – ЖАЭУнун административдик-чарба иштери боюнча проректору, мүчө;
6. Астанов Шавкат Моминжанович – медициналык факультеттин деканы, мүчө;
7. Сыдыкова Бубукан Жолдошевна – укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы, мүчө;

Токтом долбоору.

Административдик кеңешменин курамы жана иш планы бекитилсин.

Токтом долбоору бир добуштан бекитилди

5-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Бизде учурда 3 адистик бар, ал окуу мөөнөтү 5 жыл жана 6 жыл болгон “Дарылоо иши” жана Информатика жана эсептоо техникасы адистиги. Бул адистиктер үчүн 2025-2026-окуу жылына карата окуу процессинин графиктери түзүлдү. Сунуш кылынып жаткан окуу пландары, окуу процессинин графиктерин жана НББПлар кафедра башчылары түзүп, адистик боюнча тиешелүү адистер менен талкууланып административдик кеңешмеде каралган. Ошондуктан бул нормативдик документтерди бекитип берүүңүздөрдү суранам.”

Сөзгө чыккандар:

1. Медициналык факультеттин деканы Ш.М. Астанов: – “Окуу процессинин графиги түзүлгөндө бардык талаптар эске алынган”
2. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев: – “Мен да окуу процессинин графиктери жана НББПлар менен таанышып чыктым. Маалыматта да айтылды. Бул маселе боюнча башка сунуштар жок болсо, анда токтом долбоорун бекитүүнү добушка коём.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

560001 Дарылоо иши (5 жыл) жана 560001 Дарылоо иши (6 жыл) адистиктери жана 710700 Информатика жана эсептөө техникасы багыты боюнча окуу пландары, негизги билим берүү программалары бекитилсин. 2025-2026 окуу жылындагы окуу процессинин графиги бекитилсин;

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

6-маселе боюнча ЖАЭУнун административдик-чарба иштери боюнча проректору Э.Ш. Торокулов сөз сүйлөдү: – “Окуу корпусу окуу жылына даяр, тиешелүү аудиториялар ремонт болду жана айрым аудиториялар керектүү жабдыктар менен камсыздалды. Ошондой эле жаны компьютерлерге буйрутма берилди.

6-маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Административдик-чарба иштери боюнча проректору Э.Ш. Торокуловдун маалыматы эске алынсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

7-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн иш пландары тапшырылды. Талаптарга жооп берет жана оңдоп түзөө менен бекитүүгө сунуштайм.”

Бул маселе боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар:

1. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев: – “Урматтуу кесиптештер! Иш пландарга дыкат менен көңүл коюп карап чыгыңыздар, план кыска бирок жыл ичинде аткарылуучу бардык жумуштарды камтыш керек.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

2025-2026-окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн иш пландары өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

8-маселе боюнча экономист Нарматов Мелис Каныбекович маалымат берди: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! ЖАЭУнун тарифтик-квалификациялык тизмесин кайра бекитүү маселеси жетекчилик менен талкууланып сунушталган.

Көрсөткүчтөр өкмөттун токтомдоруна ылайык алынган. Минималдык базалык чен 7040 сом коюлган. Тарифтик чендер көрсөтүлүп, кызмат үчүн кошумча төлөм жана педагогикалык стаж үчүн кошумча төлөмдөр эске алынган. Окутуучулар жана айрым

кызматкерлердин айлык маянасы жогорулаган, 2025-жылдын 1-сентябрынан баштап жаңы тарифтик-квалификация менен айлык акы төлөнөт. (тарифтик-квалификациялык тизме тиркелет) ”.

Сөзгө чыккандар:

1. **Окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Садырова Н.А.:** - Урматтуу кесиптештер быйылкы окуу жылында студенттердин саны көбөйгөнүнө байланыштуу тажрыйбалуу, кесипкөй, чакырылган айкалыштыруучу окутуучуларыбыз да бар. Айлык маяналары санап келгенде аябай аз болуп калат экен. Мындай окутуучуларды окуу жайга тартуу үчүн ай сайын айлык маянасына кошумча төлөм катары 8000 миң сом өлчөмүндө төлөнүүсүн сунуштайм.
2. **Илим, мамлекттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, окумуштуу катчы т.и.к., доцент Асилова З.А.:** - Урматтуу кесиптештер мен да бул пикирге кошулам жана колдойм. Кесипкөй, тажрыйбалуу, мыкты окутуучуларды окуу жайга тартуу максатында ушул сыяктуу колдоо көрсөтүүбүз шарт деп эсептейм. Ошондой эле, окутуучулук курам жетишпегендигине байланыштуу, айрым профессордук-окутуучулук курамга 1,75 чен менен иштөөгө уруксат берүүнү сунуштайм. Баарыңыздарды колдоп берүүгө сунуштайм.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй чечимдин долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) ЖАЭУнун тарифтик-квалификациялык тизмеси бекитилсин.

б) тажрыйбалуу, кесипкөй, чакырылган айкалыштыруучу окутуучуларга ай сайын айлык маянасына кошумча төлөм катары 8000 миң сом өлчөмүндө төлөнсүн.

в) Профессордук окутуучулук курамга 2025-2026 окуу жылы үчүн 1,75 чен менен иштөөгө уруксат берилсин.

г) Бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен чечимдин долбоору бир добуштан бекитилди.

9-маселе боюнча экономист Нарматов Мелис Каныбекович маалымат берди: – **“**ЖАЭУ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын тарифин кайра бекитүү маселеси жетекчилик менен макулдашып, талкууланган. Алыскы чет өлкөлүк студенттердин акы төлөнүүчү кызматынын өлчөмү жөнүндөгү Өкмөттүн токтомуна өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу, ал токтомду аткарылууга милдеттүү болгонубуздан тарифти кайра карап чыктык. Административдик кеңеште каралган. “Дарылоо иши” адистиги боюнча алыскы чет өлкөлүк студенттер үчүн 254000 (эки жүз элүү төрт миң) сом өлчөмүндө бекитүү сунушталат”.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй чечимдин долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) ЖАЭУ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын тарифи алыскы чет өлкөлүк студенттер үчүн өзгөртүүлөр киргизилсин. 2025-2026 окуу жылы үчүн 254000 (эки жүз элүү төрт миң) сом өлчөмүндө бекитилсин

б) Бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен чечимдин долбоору бир добуштан бекитилди.

10. Ар түрдүү маселелер:

10.1-маселе боюнча илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, т.и.к., доцент З.А.Асилова сөз сүйлөдү: “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! 1-сентябрь күнү адаттагыдай Билим күнүн белгилеп, студенттерди тосуп алып, салтанаттуу иш чараны өткөрүшүбүз керек. Бул иш чарага фирма тарап да кызыктаар болгондуктан биргелешип уюштурулууда. Сценарий түзүлдү концепттик программа даярдалууда. Жасалгалоо маселелери боюнча жооптуу адам дайындалды. Алып баруучулар аныкталды жана даярдалууда.

Иш чарага бардык окутуучулар жана кызматкерлер катышышат.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй током долбоору бекитүүгө сунушталды:

Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун маалыматы эске алынсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

10.2-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев – “Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2025-жылдын 10-июну № 329 “Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык айрым жоболорго өзгөртүүлөр киргизилген. Жоболор административдик кеңешмеде талкууланып, өзгөртүүлөр каралган. Өзгөртүүлөр кирген жоболорду бекитүүну сунуштайм.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй током долбоору бекитүүгө сунушталды:

Өзгөрүүлөр кирген жоболор бекитилсин.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

10.3 -маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: Урматтуу кесиптештер 2025-2026 окуу жылы үчүн окуу процесси жана уюштуруу иштерине тиешелүү болгон бир топ комиссиянын мүчөлөрүн бекитишибиз зарыл. Комиссия курамдары административдик кеңешмеде да каралып талкууланган. Төмөнкү курамдагы комиссия мүчөлөрүн сунуштайм:

Жумушка кабыл алуу боюнча комиссияны төмөнкүдөй курамда бекитип берүүңүздү суранам:

1. Сыдыкова Бүбүкан Жолдошевна – Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын төрагасы.

2. Садырова Нургуль Адылгазиевна - Окуу иштери боюнча проректор, төраганын орун басары.
3. Асилова Зульфия Атамырзаевна - Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор.
4. Торокулов Элдияр Шаршенович - Административдик-чарба иштери боюнча проректор.
5. Дипак Чаулагейн - Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор.
6. Астанов Шавкат Моминжанович – Медициналык факультеттин деканы.

Мамлекеттик тил комиссиясынын курамын төмөнкүдөй курамда бекитип берүүңүздү суранам:

1. Асилова Зульфия Атамырзаевна - Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, комиссиянын төрайымы.
2. Гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасынын башчысы, комиссиянын мүчөсү.
3. Эрматова Мээркан Кимсановна – Клиникалык дисциплиналар кафедрасынын окутуучусу, комиссиянын мүчөсү;
4. Аккулуева Нуриза Тажимырзаевна – Гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасынын окутуучусу, комиссиянын катчысы.

Сапат кеңешинин курамын төмөнкүдөй курамда бекитип берүүңүздү суранам:

1. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич - Ректор, Сапат кеңешинин төрагасы.
2. Садырова Нургуль Адылгазиевна - Окуу иштери боюнча проректор, төраганын орун басары.
3. Асилова Зульфия Атамырзаевна - Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор.
4. Дипак Чаулагейн - Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор.
5. Астанов Шавкат Моминжанович – Медициналык факультеттин деканы.
6. Сыдыкова Бүбүкан Жолдошевна – Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы.
7. Жаанбаев Замирбек Сыдыкбекович –программалык камсыхдоо боюнча башкы адис.
8. Сабыркул кызы Нуржамал – башкы эсепчи.
9. Окуу бөлүмүнүн кызматкери (вакант).

Окуу усулдук кеңешинин курамын төмөнкүдөй курамда бекитип берүүңүздү суранам:

1. Садырова Нургуль Адылгазиевна - Окуу иштери боюнча проректор, төрага.
2. Гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасынын башчысы.
3. Эрматова Мээркан Кимсановна – Клиникалык дисциплиналар кафедрасынын окутуучусу.
4. Окуу-маалымат бөлүмүнүн жетектөөчү адиси.
5. Мурзабаева Мохирахон Юлдашбаевна - Клиникалык дисциплиналар кафедрасынын окутуучусу, комиссиянын катчысы.

Этика комиссиясынын курамын төмөнкүдөй курамда бекитип берүүңүздү суранам:

1. Сыдыкова Бүбүкан Жолдошевна – Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын трагасы.

2. Усубалиева Клара Абдыгапаровна – Гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасынын улуу окутуучусу, комиссиянын мүчөсү.

3. Акрамжанов Акмаль Тажидинович – Морфологиялык дисциплиналар кафедрасы, комиссинын катчысы.

Которулуу жана тикеленүү комиссиясын төмөнкүдөй курамда бекитип берүүңүздү суранам:

1. Садырова Нургуль Адылгазиевна - Окуу иштери боюнча проректор, комиссиянын төрайымы.

2. Астанов Шавкат Моминжанович – декан, комиссиянын мүчөсү.

3. Сыдыкова Бүбүкан Жолдошевна – Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү.

4. Окуу-маалымат бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, комиссиянын мүчөсү.

5. Чойбекова Назгуль Макамбаевна – Медициналык факультеттин методисти, комиссиянын катчысы.

Коррупцияга каршы комиссиясын төмөнкү курамда бекитип берүүңүздү суранам:

1. Укубаева Акылай Нармаматовна – китепканачы, комиссиянын төрагасы.

2. Джаратова Айгуль Алдашбаевна - Гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасынын окутуучусу, комиссиянын мүчөсү.

3. Садыков Аскат Адылбекович – Клиникалык дисциплиналар кафедрасынын окутуучусу, комиссиянын катчысы.

Окуу акысынан жеңилдиктерди берүү боюнча комиссиясын төмөнкү курамда бекитип берүүңүздү суранам:

1. Асилова Зульфия Атамырзаевна - Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, комиссиянын төрагасы.

2. Сыдыкова Бүбүкан Жолдошевна – Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү.

3. Окуу-маалымат бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, комиссиянын мүчөсү.

Токтом долбоору

Жогорудагы комиссия курамдарын бекитип берүүңүздөрдү суранам.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. 2025-2026-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин 7 кишиден турган курамы (тизме тиркелет), жобосу, регламенти жана иш планы бекитилсин.

2. а) Кафедралар бөлүмүндө дагы бир кафедра кошулсун.

б) Киргизилген өзгөртүүнүн негизинде ЖАЭУнун структурасы кайрадан бекитилсин.

в) Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

3.1 Жалпы медициналык дисциплиналар кафедрасы жоюлсун жана анын ордуна Клиникалык дисциплиналар жана Морфологиялык дисциплиналар аталышындагы эки кафедра түзүлсүн.

3.2. Клиникалык дисциплиналар кафедрасында кафедра башчы жана бир чен лаборант штаты ачылсын;

3.3. Морфологиялык дисциплиналар кафедрасында кафедра башчы жана бир чен лаборант штаты ачылсын;

3.4. Окуу-маалымат бөлүмүндө бир чен жетектөөчү адис жана бир чен инженер-программист штаттары ачылсын;

3.5. Укук иштери жана адам ресурстары бөлүмүнө студенттердин документтери менен иш алып барууга бир чен инспектор штаты ачылсын;

3.6. Медициналык факультеттин деканатына декандын орун басары (коомдук башталышта) жана бир чен методист штаты ачылсын;

3.7. Техникалык жана кичи тейлөөчү кызматкерлер бөлүмүндө бир чен техникалык коопсуздук, эмгекти коргоо жана жарандык коргонуу боюнча адис штаты ачылсын;

3.8. Бухгалтерия бөлүмүндө бир чен бухгалтер (эсептөөчү, материалдык) штаты ачылсын;

3.9. Киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде ЖАЭУнун структурасы жана штаттык жадыбалы кайрадан бекитилсин

3.10. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

4. Административдик кеңешменин курамы жана иш планы бекитилсин.

5. 560001 “Дарылоо иши” (5 жыл) жана 560001 “Дарылоо иши” (6 жыл) адистиктери жана 710700 “Информатика жана эсептөө техникасы” багыты боюнча окуу пландары, негизги билим берүү программалары бекитилсин. 2025-2026 окуу жылындагы окуу процессинин графиги бекитилсин.

6. Административдик-чарба иштери боюнча проректору Э.Ш. Торокуловдун маалыматы эске алынсын.

7. 2025-2026-окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн иш пландары өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин.

8. а) ЖАЭУнун тарифтик-квалификациялык тизмеси бекитилсин

б) Тажрыйбалуу, кесипкөй, чакырылган айкалыштыруучу окутуучуларга ай сайын айлык маянасына кошумча төлөм катары 8000 миң сом өлчөмүндө төлөнсүн.

в) Профессордук- окутуучулук курамга 2025-2026 - окуу жылы үчүн 1,75 чен менен иштөөгө уруксат берилсин.

г) Бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын.

9. а) ЖАЭУ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын тарифи алыскы чет өлкөлүк студенттер үчүн өзгөртүүлөр киргизилсин. 2025-2026 окуу жылы үчүн 254000 (эки жүз элүү төрт миң) сом өлчөмүндө бекитилсин

б) Бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын.

10.1 Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун маалыматы эске алынсын.

10.2. Өзгөрүүлөр кирген жоболор бекитилсин.

10.3. Аталган комиссия курамдары бекитилсин.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.